УДК:93:94

Жекшенбек кызы Ж.., Шамыркулова В.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АЗЫРКЫ УЧУРДА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЭТНИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАРДЫН ӨНҮГҮҮ ЭТАБЫ

*Аталган макалада азыркы учурдагы Кыргызстандагы этникалык байланыштардын ёнщгщщсщ боюнча кеъири маалыматтар каралуу менен бирге, улутттар аралык кызматташтык жана алардын азыркы мезгилдеги абалы туурасында сёз козголгон. Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын этникалык ёнщгщщ концепциясы туурасында ойлор камтылган.*

2009-жылдын демографиялык статистикасына таянсак, Кыргызстанда 100дөн ашык этникалык топ отурукташып жашап келет.

Кыргыз эли – Борбордук Азиядагы байыркы түрк тилдүү этностордун бири. 1897-жылдагы элдик каттоодо Кыргызстанда 6000 адам болгон. Кыргыздар Нарын, Ысык-Көл областтарынын чыгыш бөлүгүнөн, Талас жана Чүй областтарынын батыш бөлүгүнөн орун алган. Биринчи этап - XIX кылымдын 2-жарымында Столыпин реформасынын мезгилинде Кыргызстандын аймагына орустар көчүп келишкен. XX кылымдын 50-жылдарында экинчи этап башталып, советтик интернационалдык жана индустриялык саясаттын келишими менен орустарды отурукташтыруу башталган. Алар менен кошо украиндер келе баштаган. Ал эми татарлар XIX кылымдын башында келишип, билим берүү жана диндик иш-аракеттерди активдүү жүргүзүшкөн. Ошол эле мезгилде дунгандар да келип отурукташкан. Ал эми уйгурлар XX кылымдын 20- жылдарында биринчи бөлүгү, 50-жылдарда экинчи бөлүгү келген. Бул мезгилде Кытайда “Маданият революциясы” болуп, уйгурларды өз жерин таштоого мажбурлаган. 40-жылдары сталиндик массалык депортацияда Кыргызстанга еврейлер, немецтер, чечендер, ингуштар, крымдык татарлар жана башка улуттагы адамдар келишкен. Этникалык топтордун (кыргыз, өзбек, орус) өз ара мамилелери Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк алышына чейин эле терең карым-катнашта болуп келген. XX кылымдын 50-жылдарында Кыргызстанда орус улутундагы элдердин саны 21,5% азайып, ал эми кыргыз, өзбек этникалык топтордун саны көбөйгөн.

Азыркы учурда этностор аралык байланыштар көп кырдуу. Ал динамикасы жана карама-каршылыгы менен мүнөздөлөт. Анын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү ар түрдүү этникалык топтун билими формалдуу жана формалдуу эмес иш-аракет, жалпы саясаттын структурасы жана саясат, экономикалык, социалдык-демографиялык, саясаттан тышкары конфессионалдуу жана ар түрдүү объективдүү жана субъективдүү факторлордун мүнөзүн аныктоо болуп эсептелет.

Демократиялык процесстин динамикасы Кыргызстандын саясий структурасын кайра куруууда жаралган. Биринчи алынган жыйынтыктын негизинде демократиялаштыруунун өнүгүүсү президенттик институттун кирүүсү жана мамлекеттик көз карандысыздык жөнүндөгү 1990-жылдын 15-декабрында кабыл алынган декларация болгон. Бардык өнүгүү жана позитивдүүлүк процесстери көптөгөн маанилүү өзгөрүүлөр менен коштолуп, социалдык-саясий кырдаалдар жана республикадагы улут арасындагы мамилелер да өзгөргөн.

Жаъы этностук саясий кырдаалдар Кыргызстандын көз карандысыздыгын жарыялоодо, саясий-этникалык факторлор аймактык улуттар арасындагы белгилерди көрсөтө алган. Этникалык мамилелер өзүнө этностук наамы бар жана этникалык саны аз болгон этникалык топтордун ортосундагы мамиле болуп саналат. Эң негизги орунду этникалык топтордун түзүлүшү жана этникалык стереотиптер ээлейт. Этникалык топтордун ортосундагы мамиле достук, нейтралдуу же конфликттүү болуп мүнөздөлөт. Ал социалдык-саясий экономиканын өнүгүүсүндө тарыхка багытталат.

Кыргызстанда 90-жылдары этностор арасындагы мамилелер көп кырдуу динамикасы жана карама-каршылыгы менен мүнөздөлөт. Этникалык мамилелердин оорлошунун себептери болуп: ар тараптагы кризис, социалдык-экономикалык саясат жана психологиялык мамилелердин таасири болгон. Бул таасирлердин натыйжасында мигранттардын жана этникалык топтордун мамилесинен улам, улут арасындагы 1990-жылдагы Ош окуясындагы конфликтти айтсак болот. 1991-жылы социалдык изилдөөлөр жүргүзүлүп, анализ чыгарылып, себептери аныкталган. Алар экономикалык кризис, баанын өсүүсү, инфляция, жумушсуздук, керектөөлөрдүн жок болушу, жалпы элдин жашоосунун төмөндөшү болгон. 2006-жылдын башында Чүй областына караштуу Искра айылында инцидент болуп, аны этникалык топтордун арасындагы конфликт деп аташкан. Жаш дунган жана кыргыз балдарынын ортосунда түшүнбөстүктөр келип чыгып, анын кесепетинен бир нече адам оор жаракат алышкан. 7 үй өрттөнүп, 15 үй талкаланып, дунгандардын 115 үйүнүн терезелери сынган. 2010-жылдын апрель окуясы жана этникалык топтор түрк-месхетиндердин кагылышуусу Маевка айылында болгон. Анын себептери бирин-бири түшүнбөстүктөн улам келип чыккан.

2004-жылы “Кыргыз Республикасынын этникалык өнүгүү концепциясы” иштелип чыккан. Анда этникалык топтордун маданиятынын бирдей өнүгүүсү каралган. Жаны этно-саясий кырдаал этникалык саясаттын факторун, саясий күрөштү жана улуттук белгилери аркылуу жайгашуусун мүнөздөгөн. Мындай моноэтникалык түстөр республиканын көз карандысыз жана көп кырдуу полиэтникалык калкын этникалык топтук байланышына түрткү болгон. Ошентип, этникалык топтук кырдаалдан Кыргызстан бир нече этапты басып өттү. Республикада мамлекеттик тил - кыргыз тили деп закон кабыл алынып, 1998-жылга чейин бардык мекемелерде, уюмдарда, ЖОЖдордо жана башка жайларда бардык документтерди кыргыз тилине которуу максатын коюшкан. Бирок бул процесс практикада жай жүргөн. Тилдик маселе мамлекеттик башкарууда, өндүрүштүк ишканаларда, илимде, маданиятта, билим берүүдө бардыгы эрктүү же эрксиз түрдө кыргыз элинин иш-аракетин талап кылып, башка улуттардын кайдыгерлигин туудурган. Аны менен бирге башка этностук улуттардын этностук топтор ортосундагы мамилеси начарлаган. Себеби 1989-1991-жж. миграция күч алып, 145 миң орус, славян улутундагы адамдар башка жерге кетишкен. Оштогу трагедиялык улут ортосундагы конфликт 1990-жылы болгон. Конфликттин эң негизги объектисинин себептери болуп социалдык карама-каршылык, экономика, саясий рухий дүйнөнүн башаламандыгы болгон. Социалдык, экономикалык, саясий духтук жана башка факторлор конфликттин чыгышынын чечүүчү ролу экендигин эске сактообуз зарыл. Бул келтирилген факторлор, кырдаалдар субъективдүү мүнөзгө ээ. Жогоруда айтылып кеткен факторлордо көрүнүп тургандай, биринчи милдет бул –улуттар арасындагы мамилени түшүнүү. Бул процессте эң негизги бөлүм болуп социалдык маданият, Кыргызстандык коомунун өнүгүүсү жана улуттук маданиятына сүңгүп кирүү, салт-санаа, дин, ар түрдүүлүк жана этникалык окшоштукту билүү саналат. Маселени чечүүдөгү негизги роль мамлекеттин калыптанышына улуттук саясаттын, улуттардын кызыгуусу таандык.

Кыргызстанда этникалык топтордун укугун коргоо жана укуктардын негизинин өнүгүшү Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган.

Конституциянын биринчи бөлүмүнүн 4-беренесинде төмөнкүлөргө тыюу салынат:

- Диний-этностук негизде саясий партияларды түзүүгө, диний бирикмелердин саясий максаттарды көздөшүнө;
- Конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө, коопсуздукту бүлдүрүүгө, социалдык, расалык, улут аралык, этностор аралык жана диний касташууну тутандырууга багытталган максаттарды көздөгөн саясий партиялардын, коомдук жана диний бирикмелердин, алардын өкүлчүлүктөрүнүн жана филиалдарынын иштешине тыюу салынган;

Ал эми экинчи бөлүмүнүн 1-главасынын 16-беренесинде:

- Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктары менен эркиндиктерин урматтайт жана камсыз кылат.

Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эмес.

Эл аралык милдеттемелерге ылайык, ар кайсы социалдык топтор үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталып, мыйзамда белгиленген атайы чаралар кодулоо деп эсептелбейт.

20-берене:

- өзүнүн кайсы этноско таандык экендигин эркин аныктоо жана көрсөтүү.

31-берене:

- Улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүүлүктү үгүттөп кодулоого, касташууга же күч колдонууга чакырган үндөөлөргө тыюу салынат.

38-берене:

- Ар ким өзүнүн этностук тийиштүүлүгүн эркин аныктоого жана көрсөтүүгө укуктуу. Эч ким өзүнүн этностук тийиштүүлүгүн аныктоого жана көрсөтүүгө мажбурланбашы керек.

Мындан тышкары, этникалык топторду башкаруудагы мамиле боюнча азыркы учурда Улуттук Ассамблеядан тышкары, башка дагы укуктук базаны өнүктүрүү боюнча республика ишти баштоо жолунда турат. Кыргызстандын жаңы шартында тоталитаризмден демократияга, регламенттик экономикадан базар экономикасына өтүү баштагыдай карама-каршылык жана конфликттик формадагы өнүгүүнү дайыма жанында ээрчитип жүрөт. Бул маселелер мамлекеттик деңгээлде жана ошондой эле коомдук деңгээлде каралат. Бул маселе социологиялык жактан изилдөөгө алынып, ОБСЕнин алкагында 2000-жылы долбоордо каралган. Анын негизги максаты социалдык сурамжылоодо этникалык топтордун мамилесин аныктап, методикалык жана механизмдик башкаруу жана конфликттик кырдаалды чечүү болуп саналат. Ошондой болсо да эксперименттин жыйынтыгында басымдуу бөлүгүн этникалык топтук кырдаалдар түзгөн.

Кадр маселеси - 22,5% тилдик - 13,3%, социалдык психологдордун маселеси - 6,4%, түшүнбөстүк – 5,8%, саясий жактан – 4,6%, маданият – 4%, улуттар арасындагы маселе - 1,7%. Жыйынтыгында, социалдык изилдөө дагы бир жолу этникалык мамилелердин республиканын башкаруусунан көз каранды экендигин далилдеди.

Биздин негизги маданиятыбыз дүйнөнүн картинасын түшүнүүнү милдеттендирет. Эгерде биз дайыма бир маданияттын алкагында жашасак, анда өздүк маданий стандарт катары кабыл алып, “Мы лучшие, они хуже” деген принципке алып келээри талашсыз. Башка элдин жүрүм-турум механизмин түшүнүү ыктарын өстүрүү менен, мамилелердин жогорку деңгээлине жетише алабыз. Ал учурда социалдык, экономикалык кырдаал төмөндөгүдөй мүнөздөлөт.

1) Улуттар арасындагы жакындашуу;
2) Улуттар арасындагы келишпестик мамилелер.

Булардын кайсынысы басымдуулук кылуусун аныктоодо тарыхтын, маданияттын ролу чоң. Азыркы учурда Кыргызстандагы этникалык байланыштардын өнүгүү этабында улуттар арасындагы жакындашуу маданият, саясат, экономика эң негизги баскычта турат.

Норвегиялык окумуштуу Фредейт Бархтын ою боюнча, этностук маданий айырмачылыктардын уюштурулушу болуп саналат. Дүйнөнүн этникалык картасынан айырмачылыкты мүнөздөй турган адамдын физикалык кейпин, географиялык шартын, чарбачылык специализациясын, динин, тилин, кийимин, улуттук тамак-ашын көрө алабыз. Мисалга алсак, Кыргызстанда Каракол шаарында ар жыл сайын өткөрүлүп жаткан

“Масленица” бул – славян элинин каада-салтынын бири. Бул күндөрү славян, орус элдери ар түрдүү тамак-аштарды жасап, алар менен аянтка чыгып, ыр-бийлерин жана башка өнөрчүлүк шыгын көрсөтүп, чакан концерт коюп беришет. Бул күндөрү болуп жаткан майрамдарга башка улуттардын көз карашы, мамилеси түз болуп келет. Мындан тышкары, татар этникалык тобунун “Сабантуй” майрамы. Мында Татарстандан атайы делегаттар келишет. Алардын келишине Каракол шаарынын мэриясы тарабынан жардам көрсөтүлөт, шарт түзүп берилет. Ошону менен бирге жаз мезгили менен кошо келген “Нооруз” майрамында бардык улуттар өздөрүнүн каада-салттарын, кийим-кече, тамак-аштарын көрсөтүп, өз өнөрлөрүн элге тартуулашты. Жогоруда айтылып кеткен мисалдар да этностордун азыркы учурдагы байланышын, мамилесин чагылдырып турат.

Билим берүү боюнча ар улуттардын мектептери ачылып, башка этностук топтогу адамдарга шарт түзүлүп берилүүдө. Улуттар аралык байланыштардын негизинде колледж, лицейлер ачылып, ар улуттун адамдары билим алып жатышат. Анын негизинде этникалык окшоштуктардын структурасы жана системасы төмөнкү элементтерден турарын билебиз:

1. Этностук өздүк аң-сезим.
2. Улуттук мүнөз.
3. Улуттук темперамент.
4. Улуттук кызыгуу.
5. Улуттук традиция.
6. Улуттук каада-салттар.

Жыйынтыктап айтканда, азыркы учурда Кыргызстандагы этникалык байланыштардын өнүгүү этабы өз агымында келе жатат деп айтсак жаңылышпайбыз.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. -Б., 2011.
2. Омаров Н.М. Современные международные отношения и мировая интеграция. -Б., 2009.
3. Омаров Н.М. Международные отношения в эпоху глобального развития. -Б., 2008.
4. История мировой культуры. /Под ред. А.Н.Марковой. -М., 1998.